**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ**

**МИНИСТЕРСТВО ОБРАЗОВАНИЯ И НАУКИ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ**

**БУЙРУК**
**ПРИКАЗ**

______________________№_______

Бишкек ш.
г.Бишкек

**Окуучулардын саны аз жалпы билим берүү уюмдарын оптимизациялоо жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы - Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын Жетекчиси А.У.Жапаровдун 2024-жылдын 26-февралындагы № 31-6 протоколдук тапшырмасын аткаруу жана жалпы билим берүү уюмдарында билим берүүнүн сапатын жогорулатуу, окуучулардын саны аз жалпы билим берүү уюмдарын оптималдаштыруу максатында **буйрук кылам:**

1. Окуучулардын саны аз жалпы билим берүү уюмдарынын аныкталган тизмеси тиркемеге ылайык бекитилсин.

2. Бишкек шаардык мэриясынын Билим берүү департаментинин, Ош шаардык билим берүү башкармалыгынын, райондук/шаардык билим берүү бөлүмдөрүнүн башчылары Кыргыз Республикасынын Президентинин облустардагы ыйгарым укуктуу өкүлдөрү, Бишкек жана Ош шаардык мэриясынын, жергиликтүү мамлекеттик администрациялары менен биргеликте республика боюнча окуучулардын саны аз жалпы билим берүү уюмдарын оптималдаштыруу иштерин 2024-жылдын 1-ноябрына чейин аякташсын жана оптимизация жөнүндөгү буйруктардын көчүрмөсүн Министрликке киргизишсин (электрондук дарек: ykanov.man@gmail.com).

3. Райондук/шаардык билим берүү бөлүмдөрүнүн башчылары ар бир оптимизация болгон окуучулардын саны аз жалпы билим берүү уюмдарынын кыскарган кызматкерлерин, тейлөөчү персоналдарды жумушка жайгаштыруу, жергиликтүү калк менен оптимизация боюнча келип чыккан маселелер боюнча иш-чараларды жана түшүндүрүү иштерин жүргүзүү иштерин 2024-жылдын 1-декабрына чейин жыйынтыкташсын.

4. Буйруктун аткарылышын контролдоо министрдин орун басары М.У. Касымалиевге жүктөлсүн.

**Министр** **Д.Ш Кендирбаева**

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН